КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
БОЛОТ МАМБЕТОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
БОЛОТА МАМБЕТОВА

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын VI сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 23-декабры №107** **Төрт-Күл айылы**

**476,8 миң сом акча каражатын жылдыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Бюджет Кодекси жөнүндө" жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык, Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Т.Кылжыровдун сунушун угуп, талкуулап жергиликтүү Кеңештин сессиясы **токтом кылат**:

1. 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинде теңдештирүүчү гранттан каралган акча каражатын 70111 аппарат бөлүмүнүн 2111- Туруктуу кызматкерлердин эмгек акысынан 451,0 миң сомдон жана 70911-бала бакча бөлүмүнүн 22122900 - "Башка байланыш кызматтарын көрсөтүүгө" беренесине 50,8 миң сомду төмөндөгүчө,

- 70111-аппарат бөлүмүнүн 22141200 - "Запастык бөлүктөрдү алууга" беренесине кышкы дөңгөлөк алуу үчүн 33,0 миң сом.
- 70921-мектеп бөлүмүнүн 22122900 - "Башка байланыш кызматтарын көрсөтүүгө" беренесине Жаш өспүрүмдөрдүн коопсуздугун алдын алуу максатында райондогу билим берүү мекемелеринде коопсуздукту камсыз кылуу жана укук бузуулардын алдын алуу багытында адамдын жүзүнөн тааный турган видеокөзөмөл камераларына интернет булагына кошууга 165,8 миң сом, 22221200- "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн башка буюмдарды жана материалдарды алуу беренесине Жер-Үй айылына караштуу жаңы салынган Абдыжалый Көлбаев атындагы жалпы билим берүү мектебине ачылышына ички жасалгасы үчүн 250,0 миң сом, Темир-Канат айылына караштуу К.Тилеков жалпы билим берүү мектебине от жагуучу мешке системасын айландыруу үчүн насос алууга 28,0 миң сом, жалпы 476,8 миң сом көбөйтүлүп жылдырылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **М.Жунушалиев**